# Закария Пайгамбардын китеби

## Кириш сөз

*Закария пайгамбар бул дүйнөгө келе элек Машаякты алдын ала көрө билип, келечекте "бир короо жана бир Чабан" боло турганын айтат. Ошондой эле "Теңирдин Күнү" келерден мурда дүйнө жүзүндөгү элдердин баары Иерусалимге (Кудуска) каршы чыгышарын, алардын Кудайдын периштелери тарабынан жеңилээрин, Израилдин акыркы "тазаланган калдыгына" Тынчтыктын Төрөсү Хан болорун жана ошол Ханга төгөрөктүн төрт бурчунан чындыкка чаңкап, адилеттикти издегендердин баары агып келерин айтат.*

### *Теңирге кайрылгыла*

### *(1:1-6)*

Персияны Дарий хан бийлеп турганына туптуура эки жыл сегиз ай болгондо Аддын небереси, Берекиянын уулу Закария пайгамбарга Жараткан Эге аян берди. "Закария, сен бар да элге айт: мен мурда аталарыңарга абдан каарданган элем, бирок азыр силерге: "**Мага кайрылгыла, ошондо мен да силерге кайрылам!** — дейм. Аталарыңардай болбогула. Мен аларга кулдарым — пайгамбарларым аркылуу: "**Жаман жолдоруңардан, бузуку иштериңерден кайткыла!**" деп айттыргам. Бирок алар сөзүмө тил алып, мага кайрылышкан жок. Менин сөзүмө назар салышпай, жыйынтыгында кырылышты. Кийин тобо келтиришип, кудуреттүү Кудайы - менин аларды күнөөлөрүнө жараша, жүргөн жолдоруна татыктуу шыбагасын бергенимди түшүнүштү.

### *Биринчи аян: төрт жылкынын көрүшү*

### *(1:7-17)*

Дарий хандын бийлик кылып турганына эки жыл, он бир ай, төрт күн болгондо (Шебат айында), Теңир мага түндө аян берди. Аянда буларды көрдүм: Сайдагы мирт дарактарынын арасында жээрде ат минген бир киши туруптур, анын арт жагында дагы башка жээрде, ала-була жана ак боз аттар бар эле. Мен:

— Таксыр, бул аттар эмнени билдирет? — дедим. Ошондо мени менен сүйлөшкөн периште:

— Азыр мен түшүндүрүп берем. Теңир аларды жерди чалгындап келүүгө жиберген, — деди. Анан алар мирт дарактарынын ортосунда турган Теңирдин периштесине:

— Биз бүт жер жүзүн кыдырып чыктык, жер жардамга муктаж болуп, мүңкүрөп калыптыр, — деп жооп беришти. Ошондо Теңирдин периштеси мындай деди:

— О кудурети күчтүү Алла таала! Сен Иерусалим менен яхуданын шаарларына жетимиш жыл бою каарыңды төгүп келатасың. Качан аларга ырайым кыласың?

Ошондо мени менен сүйлөшкөн периштеге Теңир жакшы, сооротуучу сөздөрдү айтты. Периште мага кайрылып, кудуреттүү Теңирдин айткандарын жар сал деп айтып берди: “Мен ыйык шаарым Иерусалимди абдан катуу сүйөм, ал эми анын айланасында жыргап, бейкапар жашап жаткан башка элдерге абдан катуу кыжырланып жатам. Анткени каарымды азайтканымда, алар жамандыктарды көбөйтүштү. Ошондуктан ырайым кылуу үчүн мен Иерусалимге кайра келдим. Менин үйүм калыбына келтирилет жана шаар кайра курулат”. Периште мага дагы бул сөздөрдү айтты:

— Кудуреттүү Теңир: “Менин шаарым өркүндөп өсөт, кайрадан ага жардамга келип, өзүмө менчиктейм” деп жатат.

*Экинчи аян: төрт мүйүздүн көрүнүшү*

*(1:18-21)*

Ушундан соң мен башымды көтөрүп, өгүздүн төрт мүйүзүн көрдүм. Ошондо мени менен сүйлөшкөн периштеден:

— Булар эмнени билдирет? — деп сурадым.

— Булар Яхуданын, Израилдин жана Иерусалимдин элин туш тарапка чачыраткан мүйүздөр, — деп жооп берди ал. Андан кийин Теңир мага төрт устаны көрсөттү.

— Булар эмне кылганы бара жатышат? — дедим.

— Алар Яхуданы толук талкалап, элин чачыратып жиберген элдердин жүрөгүнүн үшүн алып, кыйратканы бара жатышат, — деди периште.

*Үчүнчү аян: жер ченегич кармаган кишинин көрүнүшү*

*(2:1-5)*

Ушундан соң аянымда жер ченегич аркан кармаган бир кишини көрдүм. Андан:

— Кайда баратасыз? — деп сурадым.

— Иерусалимдин узун-туурасын ченегени баратам, — деди ал мага.

Аңгыча мени менен сүйлөшкөн периште алдыга кадам шилтеди. Ошондо дагы бир периште алдынан чыкты. Анан мени менен сүйлөшкөн периште ага мындай деди:

— Жер ченегич көтөрүп жүргөн тигил жигитке айт: Иерусалим ушунчалык элге толуп, күтүрөгөн төрт түлүк малды батыра албай калат, ошондо адамдар анын сыртына да отурукташа башташат. Ал элдин коргой турган оттуу сепили мен болуп, арасында зоболом көтөрүлөт.

*Кудай өзүнүн туткундагы элин аракетке чакырат*

*(2:6-13)*

“Оо элим, мен силерди туш-тарапка чачыраттым. Эми кайра кайткыла. Вавилондон качып чыгып, үйүңөргө кайрылып келгиле. Сага тийишкен ар ким, менин көз карегиме тийишкен менен барабар”. Анан өз элине кол тийгизгендерге айтты: “Силер менен мен өзүм согушам. Бир кезде силерге кул болгон эл үстүңөрдөн бийлик кылат”. Ушундай деп, Теңир мени анын элине кол көтөргөндөргө жөнөттү. Бул сөз аткарылганда мени Теңир жөнөткөнүн баары көрүшөт. Теңир дагы мындай деди:

"Иерусалим, сен кубан, шаттан! Мен сенин ичиңде жашоо үчүн көчүп келем”. Ошол убакта көптөгөн элдер Теңирге кайрылышып, анын эли болуп калышат. Ошондо менин кудуреттүү Теңирден келгенимди билесиңер. Теңир ыйык жердеги ¤зүнүн үлүшү — Яхуданы өз карамагына алат жана Иерусалим кайрадан анын эң сүйүктүү шаары болот.

Жараткан Эгенин алдында баарыңар жаагыңарды жап кылгыла! Анткени ал өзүнүн ыйык шаарынан туруп келе жатат.

*Төртүнчү аян: улуу имам менен шайтандын көрүнүшү*

*(3:1-10)*

Дагы бир аянымда Теңир мага өзүнүн периштесинин алдында турган улуу имам Исаны көрсөттү. Периштенин оң жагында шайтан да туруптур. Ал Исага көптөгөн жалааларды жаап жатты. Ошондо Теңир шайтанга:

— Мен сенин жалааларыңды кабыл албайм! Мен Иерусалимге ырайым кылам деп чечтим. Исага жана анын элине ырайым этем. Алар оттон суурулуп алынган отундай, — деди.

Теңирдин периштесинин алдында турган Исанын кийимдери абдан кир эле. Периште айланасында тургандарга:

— Кийимдерин чечкиле! — деди да анан Исага кайрылып:

— Көрдүңбү мен сенден айыптарыңды алып салдым. Эми мына бул таза, жаңы кийимдерди кийгизем, — деди. Анан мен:

— Башына да жаңы тебетей кийгизсе болор бекен? — дедим. Ошондо алар ага жаңы тебетей кийгизишти. "Башына таза баш кийим кийгизгиле" — деди периште. Анан башына таза баш кийим кийгизишти. Теңирдин периштеси болсо карап турду. Бир аздан соң Исага кайрылды:

— Кудуреттүү Кудай мындай дейт: "Эгерде менин жолдорум менен жүрүп, кароолумда тура турган болсоң, анда менин үйүмдүн үстүнөн бийлик кылып, ак сарайларыма баш-көз болосуң. Мына бул элдин арасында жашатам. Улуу имам Иса уккун. Өзүң да ук, жаныңдагы туугандарың менен атка минерлер да жакшылап кулак салышсын: бул адамдар келечекте дүйнөгө келе турган менин кулум — Тармактын символу. Карагыла Исанын алдында өзгөчө ташты коюп койдум. Анын жети көзү бар. Үстүнө бир өзгөчө жазууну чегип жазып коём. Бул жазуу жер бетиндеги күнөөлөрдү жок кыла турган күндүн келеринин белгиси болот. Ошол убак келгенде кошуналарыңарды, досторуңарды чакырып, бир анжирдин түбүндө чай иче турган болосуңар".

### *Бешинчи аян: алтын шамдалдын көрүнүшү*

### *(4:1-14)*

Анан жанагы мени менен сүйлөшкөн периште кайрылып келип, мени ойготуп жиберди.

— Эмнени көрүп турасың? – деди ал.

— Чылк алтындан жасалган шамдалды, — деп жооп бердим мен.

Шамдалда жети шам жагылып туруптур. Үстүндө ар бир шамга туташкан жети түтүкчөсү, астында болсо май куя турган чөйчөгү бар экен. Чөйчөктүн эки жагында эки май дарагы бар экен.

— Таксыр, бул эмине болуучу? — дедим.

— Чындап эле билбейсиңби? — деди ал.

— Билбейм, мырзам — дедим мен.

— Бул “**<u>сен аскер жана күч менен эмес, менин Рухум менен бийлик кыласың</u>**” деп Зоробабилге билдирген Теңирдин сөзү. Кудуреттүү Кудай ага мындай дейт: “Зоробабилдин алдындагы мына бул зор тоо түздүккө айланат. Зоробабил ыйбадаткана курууга киришип, бурчуна биринчи кышты койгондо эл : “укмуш, укмуш” деп кыйкырып, шаттанышат”.

Ушундан соң периште мага кайрылып:

— Мына бул ыйбадаткананын курулушун Зоробабил баштап берди жана өзү аягына чыгат, ошондо менин силерге кудуреттүү Кудайдан келгенимди аңдайсыңар. Эл эч бир майда иштерден уялбай калышат жана бүткөн ыйбадаткананын ар тарабын өлчөп жүргөн Зоробабилдин колундагы асма ташты кубана карап турушат. Ошондуктан жанагы сен көргөн таштын жети капталы бүт жер жүзүн тиктеп турган Теңирдин көздөрү, — деди.

— А шамдалдын эки тарабындагы эки май дарак эмнени билдирет? Алтын түстүү май куюлуп агып турган түтүкчөлөрдүн жанындагы эки бутакчы, алар эмнени билдиришет? — дедим мен ага.

— Чындап эле аны сен билбейсиңби? — деди периште.

— Билбейм, мырзам, – дедим мен. Периште:

— Бүткүл жер жүзүнүн Эгесине кызмат кылуу үчүн май куюу расмисинен өтүп, атайын дайындалган эки кишини билдирет, — деп жооп берди.

*Алтынчы аян: учуп бараткан түтүктүн көрүнүшү*

*(5:1-4)*

Мен кайрадан аян көрүп, анда учуп бара жаткан түтүктү көрдүм.

— Эмнени көрүп турасың? — деди периште мага.

— Учуп бараткан түтүктү. Узундугу жыйырма, туурасы он чыканактай экен, — деп жооп бердим мен.

— Бул түтүкчөдө бүткүл жер бетине карата айтылган

*Жетинчи аян: аял жана челектин көрүнүшү*

*(5:5-11)*

Периште мага дагы мындай деди:

— Бет маңдайыңдагы жакындап келе жаткандын эмне экенин билесиңби? — деди.

— Жок, ал эмне болду экен? — дедим мен.

— Бул чен челек. Бүт жер жүзүндөгү күнөөлөр ушул чака менен ченелет, — деди периште. Аңгыча, чаканын коргошундан жасалган капкагы ачылды. Ичинде болсо бир аял олтуруптур.

— Бул аял — бузукулукту билдирет, — деди да аялды челектин ичине кайра түртүп жиберип, коргошун капкакты жаап койду. Анан мен дагы башка эки аялды көрдүм. Алардын илек-илектикиндей канаттары бар экен. Канаттарынан шамал согуп турду. Алар челекти тумшугу менен иле калышып, аны асман менен жердин ортосунда алып учушту. Ошондо мен периштеден:

— Булар челекти кайда алып баратышат? — деп сурадым. Периште:

— Алар челек үчүн Сенаар жеринде ыйбадаткана курушат. Куруп бүтүшкөндө аны ичине киргизип коюшат, — деп жооп берди.

### *Сегизинчи аян: төрт арабанын көрүнүшү*

*(6:1-9)*

Дагы аян көрүп, анда эки жез тоонун ортосундагы капчыгайдан чыгып келе жаткан төрт арабаны көрдүм. Биринчи арабага кошулган аттар — жээрде, экинчисиндегилер кара, үчүнчүсүндөгүлөр ак, төртүнчүсүндөгүлөр болсо кашка, күчтүү аттар экен.

— Булар эмнени билдирет, төрөм? — дедим мен сөз баштап, баягы периштеге.

— Булар бүт ааламдын Теңиринин жүзүнүн алдынан чыккан төрт шамал. Кара аттар түндүккө, ак аттар батышка, кашка аттар түштүккө баратышат, — деп жооп берди ал . Анан жулунуп турган аттарга: “Баргыла, жерди аралап чыккыла!” — деди. Алар жерди кыдырып чыгышты.

Анан периште мени чакырып алып, мындай деди:

— Карачы, түндүккө кеткендер иштерин бүтүрүп, ал жактан көңүлүмдү тынчытышты.

### *Кудай тандаган жетекчи*

*(6:9-7:1)*

Ошондо мага Теңирдин сөзү айтылды: “Хелдай, Тобий жана Эгедай туткундан кайтып келишти. Алардын алтын-күмүшүн алып, дароо Сапандын уулу Ясийдикине бар. Ошол алтын-күмүштөн таажы жасап, Эгесадыктын уулу имам Исанын башына кийгиз да ага айт:

“Кудуреттүү Теңир мындай дейт: Тармак аттуу бир Инсан бар. Ал тамырынан өсүп чыгып, күчкө толгондо Теңирге ыйбадаткана тургузат. Ошондо анын зоболосу көтөрүлөт. Тактысына олтуруп, бийлик жүргүзөт. Тактысынын жанында диний кызматкер да турат. Экөө ынтымактуу болушат. Ал эми жанагы таажыны болсо Хелем, Тобий, Эгедай жана Сапандын уулу Хенге эстелик катары берилип, Теңирдин ыйбадатканасына коюлат. Теңирдин ыйбадатканасынын курулушуна жардам берүү үчүн адамдар алыстан келишет. Ошондо менин Кудуреттүү Кудайдан келгенимди түшүнөсүңөр. Булардын баары эгер силер Кудай Эгеңердин айткандарын кунт коюп уксаңар ишке ашат.

*Теңир ырайымдуулук менен боорукерликти каалайт.*

*(7:1-14)*

Персия падышанын бийлеп турганына төрт жыл болуп бараткан. Тогузунчу айдын, төртүнчү күнү эле. Бетелдин эли Шафезер, Регель-Малик жана анын адамдарын Теңирге сыйынып, анын эркин билип келүү үчүн шайлашты. Алар Кудуреттүү Кудайдын ыйбадатканасындагы пайгамбарлар менен диний кызматкерлерге барышып: “ыйбадаткананын кыйраганына көп жылдар бою кайгырып келе жатабыз. Ар жылдын бешинчи айында өзгөчө убакыт бөлүп, орозо кармап, ыйлайбыз. Муну уланта беришибиз керекпи?” — деп сурашты.

Ошол убакта мага Теңир аян берип, мага мындай деди:

— Бул өлкөнүн диний кызматкерлери менен адамдарынын баарына айтып кой: “силер ар жылы бешинчи айда орозо кармап, кайгырып келгениңерди билем, бирок ошонунун баары мен үчүн беле? Жок! Жеп-ичкениңер мен үчүң беле? Жок! Өзүнөр үчүн, өзүңөрдүң кызыкчылыгыңар үчүн болгон.”

Кудай мурдагы пайгамбарлар аркылуу тээ илгери да ушундай деген. Ал кезде Иерусалим элге толуп, өсүп-өнүп турган эле. Айланасындагы шаарларда, Негевде, батыш тараптагы ойдуңда эл жашашчу.

Закарияга Теңирден дагы мындай сөз болду:

"**Мен ошол кезде аларга: “калыс болгула, бири-бириңерге кайрымдуу болгула. Жетим-жесир менен мусаапырларды кысымга албагыла. Бири-**

**бириңерге каршы жамандык ойлобогула!**” деп айткам. Алар болсо айткандарымды кулагынын сыртынан кетиришти. Мага далысын салып,

кулактарын жаап алышты. Менин Рухума шыктанган илгерки пайгамбарларымдын менден алып жарыялаган мыйзамдары менен сөздөрүнө баш ийбөө үчүн жүрөктөрүн таш кылышты. Ошондуктан аларга мен каардандым. Мен суранганымда, өтүнгөнүмдө укпай коюшканы үчүн алар жалынганда мен да укпай койдум. Бөтөн калктардын арасына аларды чачыраттым. Ошондуктан бул жер каңгырап ээн калды. Кыбыр эткен жан калбады. Көз жоосун алган өлкө ээн талаа, эрме чөлгө айланды”.

### *Иерусалимге Теңир ак батасын берет*

*(8:1-18)*

Кудуреттүү Кудай мага мындай деди: “Мен Теңир Тооду ушунчалык катуу сүйөм, ошондуктан ал мага ишенимдүү болбой койгондо катуу каардандым; бирок мен ага кайра келип, Иерусалимде жашайм, ошондо Иерусалим — “акыйкаттын шаары” деп, ал эми менин тоом Теңир Тоо — “касиеттүү жайдын тоосу” деп аталат. Иерусалимдин көчөлөрү кайрадан таяк кармаган абышка-кемпирлерге, шаттанышкан улан-кыздарга толот. Ошол күндөргө жеткен эл үчүн ал убак абдан сонун убак болот. Мен үчүн да ошондой болот.

Жакында мен өз элимди чыгыш менен батыштын өлкөлөрүнөн куткарам. Аларды алып келип, Иерусалимге жашатам. Алар менин элим болушат. Алардын акыйкаттуу жана чын Кудайы мен болом. Азыр болсо силер кайраттуу болгула! Өз ыйбадатканасын кайра куруу үчүн пайдубалына киришкенде Теңир ушул эле сөздү пайгамбарлары аркылуу ошол кезде да айткан. Ошол убактарга чейин аларда жумушчу жалдаганга да, жаныбарларды ижарага алганга да акчалары болбогон. Бул жакка келип жаткандарды да, кетип жаткандарды да душмандар беймаза кылышып, тынчтык берчү эмес. Мен буга жол бергем. Ал эми азыр болсо мына бул аман калган элге мурдагы күндөрдөгүдөй каарданып карабай калдым. Беймарал эгин эгип, жүзүмзарларынын, дыйканчылыктарынын үзүрүн көрүшөт. Асмандан жамгырымды да аябайм. Ушулардын баарын аман калган мына бул элге берем. Ошондо бардык элдердин каргышына калган Яхуд менен Исраилдин урпактары болгон силерди мен калктардын астынан куткарып алам да батамды берем. Андыктан коркпогула, кайраттуу болгула!

Аталарыңар ачуума тийгенде жазалайм деп чечим чыгарып, андан кайтпадым. Азыр болсо Иерусалим менен Яхудага батамды берем деп чечим чыгардым жана андан кайтпаймын. Коркпогула! Бири-бириңерге кара санабагыла, алдабагыла — бул силердин парызыңар. Ынтымактуу жашап, калыс болгула. Бири-бириңерге арам ойлоп, калп карганбагыла, анткени булардын бардыгын мен жек көрөм.

*Майрам убактысы*

*(8:18-23)*

Силер төртүнчү, бешинчи, жетинчи жана онунчу айда орозо тутуп, өзгөчө убакыт өткөрөсүңөр. Ошол күндөрдү кубаныч жана шаттык менен өткөргүлө! Чындык менен ынтымакты сүйгүлө.

Ошол кездерде туш-тараптан нечендеген адамдар келишет. Бир шаардын эли экинчи шаардын элине барып: "Жүргүлө, Теңир алдына барып, сыйынып келели, анын ким экенин билип алалы", — дегенде алар: "Жүргүлө, баралы!" — дешет. Ошондой эле Кудуреттүү Кудайды таанып-билип, ага табынуу үчүн көптөгөн улуттар менен күчтүү элдер Иерусалимге келишет. Ар башка тилде сүйлөгөн он адам бир еврейдин этегинен кармап "биз да сени менен барабыз, анткени силердин араңарда Кудай жашайт экен деп уктук" — дешет." Теңир Закарияга ушундай деди.

*Исраилдин душмандары жазаланат*

*(9:1-8)*

Теңирдин Хадрах жерине жана анын болбор шаары Дамаскка эскертүүсү. **Теңир бир эле Израилди эмес, бардык элдерди карап турат.** Ошонун ичинде Хадрах менен ага чектеш Амат өлкөсү, Тир менен Сидон шаары да бар. Анткени булар акылдуусунуп, көөп кетишти. Тир өзүнө чеп куруп алды. Күмүштү чаңдай жыйнады, алтынды көчөдөгү ылайдай чогултту. Бирок, карап тур Тир, Теңир сени итке минген кедейге айлантат, деңиздеги кемелериңди чөктүрөт, өзүңдү болсо отко ыргытат. Муну көрүп, Ашкелондун үрөйү учат, Газа менен Екрон корккондон калч-калч этет. Анткени алар таянган Газанын падышасы кулап, Ашкелон ээн талаага айланат, Азотту болсо бөтөн элдиктер ээлеп алышат. Ошентип Теңир аларды тыптыйпыл кылат. Боюңду көтөрө бербе, Палестина! Кан кусасың! Арам оокаттын калдыктары тиштериңдин арасынан тишиң менен кошо жулунат. Ошондо Азот биздин Кудайыбыздын карамагына өтүп, Яхуданын бир уруусуна айланып, Теңирдин эли менен аралашып кетет. Эгевусейликтер* сыяктуу Екрон да менин элиме сиңип кетет. Теңир өз элин коргоп, душмандарына кадам шилтетпейт. ¤з элин башкалардын кордоосуна жол бербейт. Анткени ал өз элинин мурда кандай азап тартканын көргөн.

*Келечектеги улуу Хан*

*(9:9-10)*

Кудус, шаттан, кубангын,

Салтанат кур, жыргагын!

Куткаруучуң келатат,

Ал адил да, момун да.

Ал эшекчен келатат,

Такый минип алыптыр.

Эй, Кудус, сага Ханың келатат!

*Теңирдин туткундарды бошотом деген убадасы*

*(9:11-13)*

Ошондо Теңир Ефремдин аскер арабалары менен Иерусалимдин жоого минчү аттарын жок кылат. Ок ата турган курал жоголот. Теңир элдерге тынчтык жарыялап, бир деңизден экинчи деңизге чейин, бир дарыядан баштап жердин чегине чейин бардык жерде хандык кылат.

*Теңир өз элин коргойт*

*(9:14-17)*

Иерусалим, сен экөөбүз кан чыгарып, келишим түзгөнбүз. Ошондуктан какшыган чуңкурда жаткан адамдарыңды туткундан бошотом. Туткундар, үйүңөргө жөнөгүлө, азыр силердин үмүт кылып, таянчуңар бар! Мен силерге кайтып келдим. Яхуда, сен мага жаа катары кызмат кыласың, ал эми Ефрем, сен жебелерим болосуң. Ошондо силерди кылычым катары Грецияны жазалоо үчүн колдоном. Алардын үстүнө келип, жебелеримди чагылгандай зуулдатам, кернейимди дүңгүрөтө тартып, чөлдө чабуулга аскеримди жиберем. Аскерлеримди кырсыктан сактайм. Алар душмандарын салмоор таштар менен сабап, кандарын шарап куйгандай төгүшөт. Ошол кан курмандык чала турган жайдын четинен ашып-ташкан кандай болот. Ошентип Кудай короосундагы койлорун карышкырдан куткарган чабандай өз элин куткарат. Алар таажыдагы асыл таштартай ыйык жерде жаркырашат. Ошондо баары укмуш сонун болот. Ошол жердин уул-кыздары эгин менен жүзүмзардын түшүмдөрүнөн жеп, чымыр, шайыр болуп чоңоюшат.

*Яхуда менен Израилдин келечеги*

*(10:1-12)*

Маалы келип турганда Теңирден жамгыр сурагыла. Ошондо ал чагылгандарын чактырып, жамгырын төгөт. Талааңарга көк чөп көйкөлө өсөт. Жалган кудайлар менен көз ачыктардын айткандары калп. Алардын аян-түштөрү курулай. Силерди болбогон нерселер менен алдап жүрүшөт. Ошондуктан адамдар адашкан койдой ар жерде, ар кырсыкка туш болуп, тентип жүрүшөт. Аларды кайтара турган жакшы чабан жок. "Менин элимди кайтарууга милдеттүү чабандар менин чыкыйыма тийишти. Алар койлор эмес, текелер, ошондуктан мен алардын адебин колуна берем!" дейт Эгебиз. **Анткени жоокер өзүнүн аскер атына кандай кам көрсө Кудуреттүү Кудай өз эли Яхудага да ошондой кам көрөт. Бурчка коюлуучу негизги таш, чатырдын казыгы, жаа жана жоокерлердин баары Яхудадан чыгат.** Алар душмандарын көчөдөгү ылайдай тепселешет. Атчан аскерлерине чейин жеңип, чыгышат, анткени аларга Теңир өзү жар. "Анан мен Яхуданы бекемдеймин, Жусупка жардам кылам.

Алар аман-эсен кайтып келишет. Ошентип, мен аларды сооротомун. Баары мурдагы калыбына келет, мен аларды калтырып кетпегендей болот. Анткени мен алардын Кудай Эгесимин, ошондуктан аларды угамын. Көп ичип алган жоокерлердей Ефрем шаттыкка бөлөнөт. Бала-чакалары да шаңданып кубанышат. Баары мени менен бирге жыргашат. Мен аларга белги берип, чогултамын, анткени мен алардын кунун төлөп, сатып алдым. Ошондуктан алар мурдагыдай көп эл болушат. Азыр алар башка улуттардын арасында туш-тарапта чачырап, жүрүшөт, бирок мен ошол алыстагы өлкөлөрдөн аларды көчүрүп келем. Ошол жактан алар мени эстешип, бала-чакалары менен аман-эсен кайтып келишет. Мисирден, Ассириядан аларды Галаад менен Ливанга алып келем. Алардын көптүгүнөн жер батыра албай калат. Ошондо баардыгы тээ мурда Теңир аларды Египеттен алып чыккандагыдай болот. Теңир деңиз толкундарын бир чапканда, деңиз экиге бөлүнүп, эл бактысыздыктын деңизинен өтүп кеткен. Теңир өзөндөрдү какшытып коё алат. Ал Ассириянын текебердиги менен Египеттин кудуретин талкалайт. Теңир өз элин чыңдайт. Ошондо алар Теңирге таянып жашай турган болушат.

### *Израилдин душмандарынын жазасы*

*(11:1-3)*

Ачкын, Ливан, дарбазаңды! Карагайларыңды от жалмасын! Эмендериң кыйрап, кипаристериң боздоп жатат. Башандын кедрлери өпкө кагып ыйлап жатат, анткени аралап өткүс токой кыйылды. Чабандардын озондогон үнү угулуп жатат, анткени жайыттар ойрондолду. Жаш арстандары ырылдап жатышат, анткени Иордандын жээгиндеги чытырман токойлор такырайып калды.

### *Начар чабандар*

*(11:4-17)*

Жараткан Эгем мындай дейт: “Союлууга башы байланган койлорумду жай. Аларды сатып алгандар аларды өлтүрүп, өздөрү жазасыз калып жатышат, ал эми аларды саткандар болсо “Кудайга шүгүр, байып алдым!” — дейт. Чабандар өз койлоруна ырайымсыз мамиле кылып жатышат. Ошондуктан мен да мындан ары мына бул жердин тургундарына ырайым кылбайм. Аларды бири-бирине жана падышасынын колуна салып берем. ¤здөрүнүн жерин өздөрү талкалап жатышканда унчукпай карап турам.

Мен ушул союлууга башы байланган байкуш койлорду кайтарам. Чындап эле алар ушунчалык байкуш койлор. Эки таягым болот: бирөөсүн Ырайым таягы деп, экинчисин болсо Шериктештик таягы деп атайм да, ошолор менен койлорумду кайтарам. Мен үч койчуну бир айдын ичинде кууп жибердим.

Мен бул койлорго ачуум келди, алар болсо мени жек көрө башташты. Ошондо: “Силерди кайтарбайм, өлмөктөн өлүп, житмектен житип кеткиле! Маа десеңер бири-бириңердин этиңерди тытып жегиле” дедим. Анан Ырайым таягымды алып, сындырып таштадым. Булардын баары менен түзгөн келишимимди жокко чыгарганымды билдирүү үчүн ушундай кылдым.Ушинтип, ошол күнү Келишим жок кылынды.”

Баягы мени карап турган баягы байкуш койлор бул сөздүн Теңирден экенин билишти. **Мен аларга: “Эгер мага төлөп бергиңер келсе, анда төлөп бергиле. Каалабасаңар, тим эле койгула!” дедим. Ошондо алар мага отуз күмүш теңге тартып беришти.” Анан мага Теңир мындай деди: “Көрдүңбү, алар мени канчалык “жогору” баалашканын! Берген акчасын ал да ыйбадаткананын акча салгыч кумарасына салып кой”, – деди. Мен отуз күмүш теңгени алдым да ыйбадатканадагы кумарага салып койдум.** Анан мен Шериктештик таягын алып, ортосунан карс эткизип, сындырып салдым. Бул Яхуда менен Израилдин тууганчылдыгы үзүлдү деген белги эле”. Ошондо Теңир мага мындай деди: “кайдыгер чабандын таягын тап, анткени мен бул жерде өлүп бара жаткандар жөнүндө кам көрбөгөн, жоголгондорду издебей турган, кеселдерин дарылабай турган, бирок семиздерин жеп, туяктарын жула турган койчуну коём. Анан ошол кайдыгер койчунун шору катат. Оң колун кыя чаап, оң көзүн чукуп салгыла анын! Оң колу сенейип, оң көзү тунарып калсын!”

### *Иерусалимдин жеңиши*

*(12:1-9)*

Асман-жерди жаратып, адамга жан киргизген Кудай мындай дейт: “Карагыла, мен Иерусалимди анын айланасындагы баардык элдер үчүн уу чөйчөк кылам. Ошол элдер келип, Иерусалимге чабуул жасашат. Бүткүл Яхуда тузакка түшөт. Бирок Иерусалимди зылдай оор таш кылам. Көтөрөм дегендин баары белин мертинтет.

Иерусалимге каршы согушка бүт жер жүзү чогулат. Бирок мен аттарын үркүтүп, чабандесинин айласын кетирем. Душмандын аттарынын көзүн карайлатам да Яхуданын көзүн ачам. Ошондо Яхуданын атка минерлери ичтеринен "биздин Кудайыбыз кудуреттүү. Бизге дем берип жаткан ошол" дешет. Ошол күндө Яхуданын төрөлөрүн токойдун ортосунда күйгөн оттой кылам. Ал от айланасын самандай жалмайт. Тегерек-чекелериндеги душмандарынын баарын жеңип, Иерусалим кайрадан элге толот. иерусалимдиктер мактанып кетпесин үчүн Теңир алгач яхудалыктарды куткарат. Анткени Дауддун урпактары менен Иерусалимде жашаган андан башка уруулар Яхудада жашаган башка уруулардан өйдөбүз деп мактанганга себептери жок. Бирок Теңир иерусалимдиктерди коргойт. Ошол күндө Иерусалимдин эң эле алсыз деген кишиси Дауд сыяктуу жакшы

жоокер болот. Дауд уруусунан чыккан жигиттер кудайдай, элди баштап бараткан Кудайдын периштесиндей болот. Иерусалимге чабуул жасашкандардын баарын болсо кырам.

### *Найза менен жара сайылган Бирөө үчүн ый*

### *(12:10-14)*

Дауддун урпактары менен Иерусалимдин тургундарынын жандүйнөсүнө ырайымдуулук менен бооркердиктин рухун куям. **Ошондо алар өздөрү көзөп салышкан Инсанга көздөрүн кадашат.** Кайгыга батып, зар какшап, боздошот. Тун баласынан ажыраган адамдай эчкиришет. Иерусалим ыйга батат. Бул ый Мегиддо өрөөнүндө Хададриммон үчүн ыйлаган элдин ыйындай болот. Бүт жер жүзү кошо боздойт, ар бир уруу өзгөчө боздойт: Дауддун уруусу өзгөчө, алардын аялдары өзгөчө; Натандын уруусу өзгөчө, алардын аялдары өзгөчө; Левийдин уруусу өзгөчө, алардын аялдары өзгөчө; Ысман уруусу өзгөчө, аялдары өзгөчө; бардык калган уруулар – ар бир уруу өзгөчө, алардын аялдары өзгөчө боздойт.

### *Күнөөлөрдү жууп кетирүүчү булак жана жалган пайгамбарлардын жок кылынышы*

### *(13:1-6)*

Күнөө менен арамдыкты жууш үчүн Дауддун урпактары менен Иерусалимдин тургундарына бир булак ачыла турган кез келет. Жалган пайгамбарлар жок болушат. "Ошол күндө, — дейт Кудуреттүү Кудай, — мен бул жердеги жасалма кудайларды экинчи эске алынгыс жылас кылам; ошондой эле жалган пайгамбарлар менен жин-шайтандардан жерди тазалайм. Ошондо эгер кимдир бирөө дагы пайгамбарчылык кыла турган болсо, ата-энеси ага: "жашабагыр, жашаба сен, каратып туруп Кудай алдында калпты ышкыртып жатасың" деп аны өз колдору менен өлтүрүшөт. Алдын ала айткандары менен көргөн аяндарынан

көзү ачыктар өздөрү шерменде болушат. Алдоо үчүн атайын форма дагы кийбей калышат.

— Мен пайгамбар эмесмин, мен жөн эле дыйканмын, тырнактайыман тартып эле жер айдап келатам, — дешет.

— А төшүңдөгү тактарчы, алар эмнеден? — дегенге:

— Досторумдун үйүндө сабап кетишти, — деп жооп берет.

*Жараланган Чабан жана анын койлору*

*(13:7-9)*

Жараткан Теңир мындай дейт: “Кылыч! Менин койчумду өлтүр! Менин досумду өлтүр! **Чабанын жайласаң, койлору туш-тушка качып кетишет!** Анан мен мына бул байкуштарга сокку уруп, жер бетиндегилердин үчтөн экисин кырам. Анан аман калган үчүнчү бөлүгүн мешке салып, күмүш ээриткендей ээритип, алтынды тазалагандай, тазалайм. Ошондо алар мага

кайрылышат, а мен аларды угам. Аларды менин элим деп атайм, ал эми алар болсо мени Жараткан Эгебиз деп аташат.

*Сот күнү*

*(14:1-21)*

Кудайдын сот жүргүзө турган күнү жакындап келе жатат. Ошол күнү талап-тоноп тапкан олжолоруңду өзүңөрдүн шаарыңарда бөлүп кетишет. Бардык улуттарды Иерусалимге каршы согушууга чогултам. Алар басып киришип, иерусалимдиктердин үйлөрүн тоноп, аялдарын зордуктап, шаардын жарым элин туткундап кетишет. Ал эми жарымы шаарда калышат. Ошондо Жараткан Эгенин өзү билегин түрүп, бул элдерге каршы майданга чыгат. Иерусалимдин чыгыш тарабындагы Май Тоосуна бутун койгондо Тоо жарылып, чыгыштан батышка созулган чоң сай пайда болот. Тоонун жарымы түндүккө, жарымы түштүккө карап калат. Ошондо силер ушул сай менен качып жөнөйсүңөр, анткени ал Асилге чейин созулат. Яхудада Осия падышачылык кылып турган убактагы жер титирөөдөн качкан ааларыңардай силер да качып жөнөйсүңөр. Ошондо менин Кудай Эгем өзүнүн ыйыктары менен асмандан түшүп келет. Ал күн өзгөчө күн болот. Ал күнү күн тийбесе да суук менен үшүк жүрбөйт. Ал күндүн кандай экенин бир Кудайдан башка эч ким билбейт, анткени а күнү күндүз да, түн да болбойт, караңгылык кире турган маал келсе деле жарык бойдон тура берет. **Ошол күнү Иерусалимден тирүү суунун агымдары шарылдап агат да экиге**

**<u>бөлүнөт: бир бөлүгү чыгыш жактагы деңизге, экинчиси батыштагы деңизге карай агат. Кышы-жайы жыл бою соолубай агат. Ошол убакта бүт дүйнөгө Жараткан Эгебиздин өзү Хан болот. Эгебиз - бирөө, анын аты да бирөө.</u>**
Иерусалимден түндүгүндөгү Гебадан тартып, түштүгүндөгү Риммонго чейинки аймак ээн талаага айланат. Ал эми Иерусалим шаары болсо Бенжаминдин дарбазасынан тартып, мурдагы дарбазанын ордунда турган Бурч дарбазасына чейин, Хананейилдин мунарасынан тартып, Хандын жүзүм сыккыч жерине чейин кайра курулат. Ал жерде адамдар душмандар келип, кыйратып кетер бекен деген коркунучтан сырткары бейкуттукта жашап калышат. Иерусалимге чабуул койгон душмандардын баарына Теңир оор илдет каптатат. Тирүү туруп эле терилери чирий баштайт, көздөрү ириңдеп, тилдери былжырап кетет. Теңир аларды ушунчалык акылынан ажыратат, ошондуктан бири-бирине кол көтөрүшөт. Яхудалыктар Иерусалимди коргоп, согушуп, айланадагы элдердин бардык байлыгын — алтын-күмүштөрүн, тоо-тоо кийимдерин олжолоп алат. Бул оорудан алардын аттары, өгүздөрү, төөлөрү жана эшектери ушул ооруудан жабыркашат. Анан Иерусалимге согушуу үчүн келген элдерден аман калгандары ар жыл сайын Падышага — кудуреттүү Теңирге

табынуу үчүн жана Чөп Алачык майрамын майрамдоо үчүн келе турган болушат. Эгерде жер бетинен кайсы бир эл Падышага — кудуреттүү Теңирге табынууга барбай турган болсо алардын жеринде жут болот. Эгерде египеттиктердин уруулары сапарга чыгып, табынууга келбесе, аларда жамгыр жаабай, Чөп Алачык майрамына келбеген элдердин жазасы менен Теңир аларды жазалайт. Чөп Алачык майрамына келбеген египеттиктер менен башка урууларды ушундай жаза күтүп турат. Ошол убакта баары Теңирге арналат, ал тургай ат жабдыктарында да “БУЛ ТЕҢИРГЕ АРНАЛГАН” деп жазыла турган болот. Ыйбадатканадагы казандар да курмандык чалчу жайдын алдында турган чөйчөктөрдөй маанилүү болот. Иерусалим менен Яхудадагы чыны-табактардын баарынын боорунда “БУЛ КУДУРЕТТҮҮ КУДАЙГА АРНАЛГАН” деп жазыла турган болот. Ошондо Теңирге табынган адамдардын баары ушул табактарга тамак жасап, андан тамактана алат. Кудуреттүү Теңирдин ыйбадатканасында бир да алып-сатар хананей болбойт.